DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Имантур кызы Н., Сапарбаева У.Ч., Кендирбаева С.К.

БИОЛОГИЯ БОЮНЧА 7-КЛАССТЫН ЖУМУШЧУ ДЕПТЕРИН КОЛДОНУУ

Имантур кызы Н., Сапарбаева У.Ч., Кендирбаева С.К.

ПРИМЕНЕНИЕ РАБОЧЕЙ ТЕТРАДИ 7 КЛАССА ПО БИОЛОГИИ

Imantur kyzy N., U.Ch. Saparbaeva, S.K. Kendirbaeva

APPLICATION OF THE 7TH GRADE WORKBOOK IN BIOLOGY

УДК: 372.857.37.026.04

Бул макалада биологиянын жаныбарлар бөлүмү боюнча жумушчу дептерди пайдалануунун актуалдуулугу жөнүндө көрсөтүлдү. Биология боюнча жумушчу дептер орто мектептеги 7-класстын окуу китебинин мазмунуна дидактикалык жана методикалык жактан түздөн-түз толуктоо болуп саналат. Жумушчу дептерде берилген тапшырмаларды аткарууда окуучулар биология илиминин негизги маалыматтары менен иш алып баруу үчүн өздөрүнүн билимдерин, билгичтиктерин (кайра айтып берүү, талдоо, бир түрдөн башка түргө айландыруу ж.б.), көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. Окуучуларга сунуш кылынган дептердеги түрдүү багыттагы тапшырмалар окуучулардын биология илимине кызыгуусун арттырып, билимди мыкты өздөштүрүүгө түрткү берет. Алардын биологиялык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө өз алдынча ээ болуусу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт. Жогоруда айтылгандардын негизинде жумушчу дептерди колдонуунун натыйжасында окуучулардын биология боюнча билиминин сапаты бир топ жогорулайт.

Негизги сөздөр: *жумушчу дептер, билим, билгичтик, биология, тапшырма, методикалык, окуучулар.*

В данной статье приведена актуальность использования рабочей тетради биологии по разделу животные. Рабочая тетрадь по биологии является прямым дидактическим и методическим дополнением к содержанию учебника биологии для 7 класса средней общеобразовательной школы. При выполнении заданий в рабочей тетради, учащиеся будут совершенствовать свои знания, умения и навыки работать с основными данными современной биологической науки (воспроизведение, анализ, преобразование из одного вида в другой и др.). Задания разного рода приведенные в рабочей тетради, приведут к повышению творческого интереса учеников к предмету биологии, и они дадут учащимся большой стимул к лучшему усвоению знаний. Создаются оптимальные условия для самостоятельного овладения учащихся биологическими знаниями, практическими умениями и навыками. В контексте выше сказанного можно уверенно сказать о том, что в результате применения рабочей тетради намного повысится качество знаний у учащихся по биологии.

Ключевые слова: *рабочая тетрадь, знание, умение, биология, задание, методический, учащиеся.*

This article presents the relevance of using a biology workbook for the animal section. The Biology workbook is a direct didactic and methodological addition to the content of the biology textbook for the 7th grade of a secondary school. When completing tasks in a workbook, students will improve their knowledge, skills and abilities to work with the basic data of modern biological science (reproduction, analysis, transformation from one type to another, etc.). Tasks of various kinds given in the workbook will lead to an increase in the creative interest of students in the subject of biology, and they will give students a great incentive to better assimilate knowledge. Optimal conditions are created for students to independently master biological knowledge, practical skills and abilities. In the context of the above, we can confidently say that as a result of the use of the workbook, the quality of knowledge of students in biology will significantly increase.

Key words: *workbook, knowledge, skill, biology, task, methodical, students.*

Жумушчу дептер окуу-методикалык комплекстин курамдык бөлүгү болуп саналат. Ал Кыргыз мамлекеттик жалпы билим берүүчү стандартынын [1] талаптарына ылайык, биология боюнча билим берүүнүн натыйжаларына жетишүүгө карата түзүлгөн каражаттын кызматын аткарат. Биз сөз кылып жаткан жумушчу дептердин тематикалык структурасы 7-класстын биологиясынын программасына жана окуу китебинин мазмунуна дал келет. Жумушчу дептерде өзгөчө көңүл окуу иш-аракеттеринин ар кандай формаларына арналган тапшырмаларга жана тиешелүү билгичтик-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

терди (биологиялык маалыматтарды анализдөө, аларды бир түрдөн башка түргө айлантуу, практикалык тапшырмаларды аткаруу, жаратылышка байкоо, лабораториялык иштерди жана тажрыйбаларды жүргүзүү) калыптандырууга бурулган. Биология боюнча жумушчу дептерди окуучулар класстагы сабакта жана үй тапшырмасын аткарууда өз алдынча колдоно алышат.

Жаңы материалды жакшылап өздөштүрүү үчүн окуучу адегенде окуу китебинин тиешелүү темасын көңүл коюп окуп чыгып, андагы сүрөттөрдү жазуулары менен таанышып алган соң, окуу китебиндеги суроолорго жооп берүү талап кылынат, ушундан кийин гана жумушчу дептердеги берилген тапшырмаларды аткаруу керек болот. Дептердеги айрым тапшырмаларды аткарууда кыйынчылыктар туулса, кайрадан окуу китебине кайрылып, окуп чыккан туура деп эсептейбиз.

Биология боюнча жумушчу дептер окутуунун басма каражаттарынын негизгилеринен деп айтсак жаңылбайбыз. Жалпы окутуу каражаттарынын, алардын ичинде жумушчу дептердин окуу процессиндеги аткарган функцияларын бир топ окумуштуу методисттер баса белгилеп көрсөтүшкөн. Алсак, В.О. Оконь [2] дидактикалык каражаттар, классификациясы боюнча төмөнкүдөй кызмат аткарат деген:

- окуучуларга чындыктын белгилүү фрагменттерин түздөн-түз таанышстырат *(таанып-билүү)*;
- окуучунун таанып-билүү жөндөмүн, эркин, сезимин өнүктүрөт *(өнүктүрүү, калыптандыруу);*
- билим алуунун негизги булагы катары кызмат кылат *(дидактикалык).*

Д.Д. Зуевдин [3] “мектептин окуу китеби” монографиясында окуу комплекси жөнүндө айтылат. Ал окуучулар үчүн окуу комплекси – бул окутуу каражаттарынын системасы деп эсептейт. Мындай системада борбордук орунду мектептин окуу китеби ээлейт. Окуу китеби билим берүүнүн өзөгүн түзгөн билимди жана билгичтикти камтый тургандыгы талашсыз. Ал эми окуу комплексинин калган элементтери (методикалык колдонмолор, окуу дептери, дидактикалык материалдар, көрсөтмө куралдар ж.б.), билимди индивидуалдаштырууну, дифференциациялоону жана конкреттештирүүнү, ага ээ болууну камсыз кылууга тийиш.

Азыркы учурда окутуунун кеңири таралган каражаты болуп, *окуу дептери* саналат. Окуу дептеринин жетишкендиктери башка каражаттарга салыштырганда абдан көп:

1) комплекстүүлүгү – түрдүү окуу материалдарынын бир куралда чогуу болушу;
2) окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн ыңгайлуулугу;
3) пайдалануунга жөнөкөйлүгү – окуучулар керектүү жазууларды, графикалык чиймелерди дептердин өзүндө аз убакыттын ичинде аткара алышат;
4) колдонуу методикасынын жөнөкөйлүгү – дептерде бардык керектүү инструкциялар, суроолор, сабак-оюндар, кроссворддор, кызыктуу тапшырмалар ж.б. камтылат;
5) массалыгы – дептерди бардык окуучулар колдоно алат. Мына ушундай жетишкендиктерин эске алуу менен орто мектептердин 7-класстары үчүн окуу дептерин [4] иштеп чыкканбыз жана алар республиканын дээрлик көпчүлүк мектептеринде кеңири колдонулуп келүүдө [5].

Жогорудагы белгиленген жумушчу дептердин артыкчылыктарына таянып, биз өзүбүздүн изилдөөбүздө Бишкек шаарындагы жана Чүй областындагы айрым жалпы орто билим берүүчү мектептеринде (Бишкек шаарындагы Пригородное жалпы орто билим берүүчү мектеби №67 мектеп гимназиясы, №93 жалпы орто билим берүүчү мектеби, Сокулук районундагы №1 Шопоков атындагы гимназиясы ж.б.) жумушчу дептерди биология мугалимдери жана окуучулар тарабынан кандайча пайдаланып жаткандыгын, жумушчу дептерди пайдалануунун окуучулардын билим сапатына тийгизген таасирин билүү максатында сурамжылоо жүргүзгөнбүз. Мугалимдеринин пикирлери төмөндөгү 1-таблицада берилди:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

1-таблица

Мугалимдерге берилген анкетанын жыйынтыгы

№	Анкетанын суроолору	Жооптору	Мугалим-дердин саны	% ка-тышы	Диаграммадагы % катышы
1.	Жумушчу дептерди сабактын кайсы учурунда колдоносуз?	1. Окуу материалын бышыктоодо 2. Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштурганда 3. Окуучулардын билимин текшерүүдө 4. Үйгө тапшырма бергенде 5. Окуучулар сабакта бош отурбашы үчүн	6 3 8 2 1	30% 15% 40% 10% 5%	
2.	Жумушчу дептерди колдонуунун окуучулардын билимине (чейректик) таасири кандай болду?	1. Жумушчу дептерди колдонуу менен окуучулардын өз алдынчалуулугу жогорулады. 2. Билим сапаты дээрлик өстү 3. Таасири азыраак билинди 4. Өзгөрүү болгон жок	7 10 3 -	35% 50% 15% -	
3.	Биология боюнча 7-класстын жумушчу дептерин жак-шыртууга сунуштарыңыз барбы?	1. Өлчөмү чоңураак болсо 2. Түстүү чыгарылса 3.Тесттик тапшырмалар берилсе 4.Татаалдыгы боюнча ар кандай деңгээлдеги суроолор камтылса болмок	3 4 11 2	15% 20% 55% 10%	
4.	Онлайн окутууда жумушчу дептердин ролу кандай болду?	1. Окуучулардын өз алдынча билим алуусунда чоң жардамы тийип жатат 2. Мугалимдин билимди текшерүүдөгү иши жеңилдеди 3. Убакыт үнөмдөлөт экен 4. Окутуу онлайн болгондон бери дептерди колдонбой калдым.	4 9 6 1	20% 45% 30% 5%	

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Бул анкеталардан байкалып тургандай, мектеп мугалимдеринин дээрлик көпчүлүгү жумушчу дептеринин артыкчылыктарына басым жасаган пикирлерин көрсөк болот. Мисалы "Жумушчу дептерди кайсы учурда колдоносуз?" деген суроого сурамжыланган мугалимдердин көпчүлүгү, жумушчу дептерди максатсыз эле колдоно бербей окуучулардын өз алдынчалуулугун жогорулатууда, билимин бекемдеп, үй тапшырмасын аткарууда колдонуша тургандыгын айтышкан. Ал эми жумушчу дептердин окуучулардын билимине тийгизген таасирин байкоодо сурамжылоого катышкан 20 мугалимдин 17си (85%) билим сапатынын жана окуучулардын өз алдынчалуулук иш-аракетинин өскөндүгүн белгилешкен.

Акыркы жарым жылдан берки өлкөбүздө болуп жаткан кырдаалга байланыштуу онлайн окутууда жумушчу дептерлерин колдонуу актуалдуулугу мурункудан да курчуду десек болот. Анткени мугалим жаңы материалды окуучуларга түшүндүрүп берүү менен жумушчу дептериндеги темага тиешелүү тапшырмаларды аткарууну окуучуларга аралыктан сунуштап, көп жетишкендиктерге ээ болууда. Алсак, мугалим ар бир темага ылайык жекече тапшырма ойлоп таап, окуучуларга сунуштаганга абдан көп убакыт жана убарачылык талап кылынат эмеспи. Мындай учурда жумушчу дептер чоң жардамга келет.

Анкетанын 3-суроосу боюнча мугалимдер тарабынан жумушчу дептердин сапатын жакшыртуу үчүн бир топ сунуштар берилген. Аларды авторлор кийинки басылмаларда эске алат деген ойдобуз.

Ал эми аталган мектептердин 7-классынын окуучуларына болсо, төмөндөгүдөй суроолор менен кайрылдык:

1. Биология боюнча жумушчу дептерди колдонгон сизге жагабы? Жакса эмнеси менен жагат?
2. Жумушчу дептердеги кандай тапшырмалардан кыйналасыз?
3. Дептерди кайсы учурда колдоносуңар (класс ишинде, үй ишинде, текшерүү ишинде, өз алдынча аткарган иштерде)?
4. Дептердеги кандай тапшырмалар сиз үчүн кызыктуу?
5. Биология боюнча жумушчу дептердеги илимий түшүнүктөрдү кабыл алуу оор эмеспи?

Бул анкеталык суроолордун жыйынтыгында окуучулар биология боюнча жумушчу дептерди колдонуу дээрлик көпчүлүгүнө жага тургандыгын, кадимки дептерге жаныбарлардын сүрөтүн тартканга көп убакыт кетээрин, ал эми дептердеги жаныбарлардын схемалык сүрөтүн боёо же андагы органдарын белгилөөгө аз убакыт корой тургандыгын айтышкан, айрым окуучулар: "мен жаныбардын сүрөтүн тарта албайм, ошондуктан даяр сүрөттөрдөн белгилеген мага жакты" деп дагы жооп берген окуучулар болду.

Жогорудагы окуу процессине байкоо жүргүзүүдөн жана мугалимдер менен окуучулардан алынган анкеталык сурамжылоолорду талдоодон улам, мектепте биология боюнча жумушчу дептерди колдонуу, биология боюнча билим берүүнүн сапатына оң таасирин тийгизет деп жыйынтык чыгарууга болот. Демек, окуучулардын жаратылыш объектилерин таанып-билүүсү, алардын биологиялык өзгөчөлүктөрүн ажырата билүүсү, жандуу жаратылышка аяр мамиле жасоого жана коргоого тарбиялоодо биология окуу китеби менен бирге эле жумушчу дептери дагы чоң мааниге ээ экендигин баса белгилеп кетмекчибиз. Ошондой эле республикабыздын бардык аймактарындагы мектептерде билим берүүнүн жаңы стандартына ылайык түзүлгөн окуу методикалык комплексин толук колдонуусун сунуштап кетмекчибиз.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. - Бишкек: Билим куту, 2006. - 137 б.
2. Оконь В.О. Введение вобщую дидактику [Текст] / В.О. Оконь. - М.: Высшая школа, 1990. - 381 с.
3. Зуев Д.Д. Некоторые проблемы структуры школьного учебника // Проблемы учебника биологии в средней школе [Текст] / Д.Д. Зуев. - М., 1975. - 30 с.
4. Сапарбаева У.Ч. Окуу дептери, 7-класс [Текст] / У.Ч. Сапарбаева, М.Субанова. - Бишкек, 2006. - 88 б.
5. Сапарбаева У.Ч. 6-класста биологияны окутуунун каражаттар системасын түзүү жана аны колдонуу методикасы [Текст]: дисс. ...канд.пед.наук: 13.00.02 / У.Ч. Сапарбаева. - Бишкек, 2019. - 212 б.